| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Айдаркен шаардык кеңешинин IV-чакырылышынын кезексиз 27-сессиясынын**

**№61 Т О К Т О М У**

*04.10.2023-ж.* *Айдаркен шаары*

**Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү жөнүндө**

КРнын “Элдик Курултай жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын, КРнын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы №215 “Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгынын, уюштуруу комитетинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы №1 чечими менен бекитилген түшүндүрмөсүнүн негиздеринде жана КРнын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 61-беренесине ылайык, Айдаркен шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айдаркен шаарынын аймагында Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйын 2023-жылдын 18-ноябрында (ишемби) саат 13:00дө Айдаркен маданият сарайында өткөрүлсүн.
2. Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны нормага ылайык (10 001ден 20 000ге чейин) 100 (жүз) өкүл болуп бекитилсин.
3. Жергиликтүү жашоочулар менен жыйындарды өткөрүү үчүн Айдаркен шаарынын аймагы 4 (төрт) аймактык бөлүктөргө (квартал) бөлүнүп бекитилсин.
4. Жер-жерлерде жергиликтүү жашоочулар менен жыйындарды өткөрүү графиги №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Айдаркен шаардык кеңешинин депутаттары №2 тиркемеге ылайык жергиликтүү жашоочулар менен ар бир аймактык бөлүктөрдө (квартал) жыйындарды өткөрүүгө жооптуу болуп дайындалсын.
6. Өкүлчүлүктүү жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.
7. Айдаркен шаардык мэриясы Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жыйындар жана чогулуштар өткөрүлө турган күн, убакыт жана жай жөнүндө расмий сайттар, массалык маалымат каражаттары, социалдык тармактар жана башка маалымат булактары аркылуу жергиликтүү жашоочуларга кабарлоо жагы менен кошо жыйындар жана чогулуштар өтүүчү жайларды тиешелүү техникалык жабдыктар менен камсыздоосу милдеттендирилсин.
8. Токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин депутаттарына жүктөлсүн.

**Төрага:** **А.К.Кожомбердиев**

**Айдаркен шаардык кеңешинин IV-чакырылышынын**
**кезексиз 27-сессиясынын №61 токтомуна**
**№1 тиркеме**

**Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Айдаркен шаарынын жергиликтүү жашоочулары менен жыйындарды өткөрүү графиги**

| № п/п | Аймактык бөлүктөр (кварталдар) | Жыйын өтүлүүчү күн (датасы) | Жыйындын башталышы (убактысы) | Дареги | Жооптуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Биринчи аймактык бөлүк I-квартал (түндүк-батыш) | 16.10.2023-ж. | 13:00 | Айдаркен маданият сарайы | Шаардык кеңештин депутаттары (тизме боюнча) | |
| 2 | Экинчи аймактык бөлүк II-квартал (түштүк-батыш) | 17.10.2023-ж. | 13:00 | Айдаркен маданият сарайы | Шаардык кеңештин депутаттары (тизме боюнча) | |
| 3 | Үчүнчү аймактык бөлүк III-квартал (түндүк-чыгыш) | 18.10.2023-ж. | 13:00 | Айдаркен маданият сарайы | Шаардык кеңештин депутаттары (тизме боюнча) | |
| 4 | Төртүнчү аймактык бөлүк IV-квартал (түштүк-чыгыш) | 19.10.2023-ж. | 13:00 | Айдаркен маданият сарайы | Шаардык кеңештин депутаттары (тизме боюнча) | |

**Жооптуу катчынын у.м.а.:** **А.Жороев**

**Айдаркен шаардык кеңешинин**
**IV-чакырылышынын**
**кезексиз 27-сессиясынын**
**№61 токтомуна №2 тиркеме**

**Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Айдаркен шаардык кеңешинин жергиликтүү жашоочулары менен ар бир аймактык бөлүктөрдө (квартал) жыйындарды өткөрүүгө жооптуу депутаттардын тизмеси:**

1. **Биринчи аймактык бөлүк (I-квартал) түндүк-батыш:**
   1) Тушаев Айдар Жигиталиевич
   2) Элбай уулу Болотбек
   3) Абдиманнабов Жылдызбек Абдиманнабович
   4) Таджибаев Равшан Шадыбаевич

2. **Экинчи аймактык бөлүк (II-квартал) түштүк-батыш:**
   1) Салиев Тулибой Жанивалиевич
   2) Козубаев Абдыразак Козубаевич
   3) Кузиев Кузибай Додобекович
   4) Султанова Зинат Камаловна
   5) Топчубаева Буалма Токторалиевна

3. **Үчүнчү аймактык бөлүк (III-квартал) түндүк-чыгыш:**
   1) Ураимов Акынбек Ураимович
   2) Абдуллаев Азамат Давлетович
   3) Баракаев Амонжон Азамжонович
   4) Кудайкулов Адахамали Кожомбердиевич

4. **Төртүнчү аймактык бөлүк (IV-квартал) түштүк-чыгыш:**
   1) Кожомкулова Айсулу Токторовна
   2) Калматова Айнура Арзыбаевна
   3) Хамбаров Руслан Хамдамалиевич
   4) Садыкова Зулайка Эшимовна

**Жооптуу катчынын у.м.а.:** **А.Жороев**

**Айдаркен шаардык кеңешинин**
**IV-чакырылышынын**
**кезексиз 27-сессиясынын**
**№61 токтомуна №3 тиркеме**

**Айдаркен шаарынын аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы:**

| | |
|---|---|
| 1. Кожомбердиев Алисуфян Кожомбердиевич | - жумушчу топтун башчысы, шаардык кеңештин төрагасы; |
| 2. Надырбеков Алчынбек Айдарбекович | - жумушчу топтун катчысы, шаардык кеңештин жетектөөчү адиси; |
| 3. Абдиманнабов Жылдызбек Абдиманнабович | - жумушчу топтун мүчөсү, шаардык кеңештин депутаты; |
| 4. Кожомкулова Айсулу Токторовна | - жумушчу топтун мүчөсү, шаардык кеңештин депутаты; |
| 5. Жакыпова Үлпат Таабалдыевна | - жумушчу топтун мүчөсү, шаардык мэриянын аппарат жетекчиси; |
| 6. Мурзаева Касиет Орунбаевна | - жумушчу топтун мүчөсү, коомдук алдын алуу борборунун төрайымы; |
| 7. Назаров Абдисалам Джолдошович | - жумушчу топтун мүчөсү, маала башчы |

**Жооптуу катчынын у.м.а.:** **А.Жороев**